2-тиркеме

**Антикоррупциялык саясаттын мамлекеттик стратегиясын ишке ашырууну контролдоо боюнча Кыргыз Республикасынын Коргоо кеңешинин жумушчу тобу жөнүндө**

**Ж О Б О**

## 1. Жалпы жоболор

1. Антикоррупциялык саясаттын мамлекеттик стратегиясын ишке ашырууну контролдоо боюнча Кыргыз Республикасынын Коргоо кеңешинин жумушчу тобу (мындан ары – Кыргыз Республикасынын Коргоо кеңешинин жумушчу тобу) “Коррупцияга каршы аракеттенүү жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 6-беренесине, Кыргыз Республикасынын Коргоо кеңешинин 2013-жылдын 4-ноябрындагы “Кыргыз Республикасынын Антикоррупциялык саясатынын мамлекеттик стратегиясын ишке ашыруунун жүрүшү жана бийлик органдарындагы саясий жана системалуу коррупциянын себептерин жоюу боюнча чаралар жөнүндө” чечимине ылайык түзүлгөн консультациялык-кеңешүүчү орган болуп эсептелет.

2. Мамлекеттик органдар жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары тарабынан Кыргыз Республикасынын Президентинин 2012-жылдын 2-февралындагы № 26 “Кыргыз Республикасынын антикоррупциялык саясатынын Мамлекеттик стратегиясы жана коррупцияга каршы туруу боюнча чаралар жөнүндө” Жарлыгын, Кыргыз Республикасынын Коргоо кеңешинин 2012-жылдын 30-январындагы “Коомдогу коррупциялык көрүнүштөргө каршы аракеттенүү боюнча чаралар жөнүндө” жана 2013-жылдын 4-ноябрындагы “Кыргыз Республикасынын Антикоррупциялык саясатынын мамлекеттик стратегиясын ишке ашыруунун жүрүшү жана бийлик органдарындагы саясий жана системалуу коррупциянын себептерин жоюу боюнча чаралар жөнүндө” чечимдерин аткаруусуна контролдук кылууну жана жүзөгө ашыруу боюнча ишин координациялоону камсыз кылуу Кыргыз Республикасынын Коргоо кеңешинин жумушчу тобунун максаты болуп эсептелет.

3. Кыргыз Республикасынын Коргоо кеңешинин жумушчу тобу өз ишинде Кыргыз Республикасынын Конституциясын, “Коррупцияга каршы аракеттенүү жөнүндө” жана “Кыргыз Республикасынын Коргоо кеңеши жөнүндө” Кыргыз Республикасынын мыйзамдарын, Кыргыз Республикасынын башка ченемдик укуктук актыларын, ошондой эле ушул Жобону жетекчиликке алат.

4. Кыргыз Республикасынын Коргоо кеңешинин жумушчу тобунун максаттарын жана милдеттерин жүзөгө ашыруу мыйзамдуулуктун, иштин ачыктыгы жана айкындыгы принциптеринин негизинде жүргүзүлөт.

5. Кыргыз Республикасынын Коргоо кеңешинин жумушчу тобу:

1) коррупциялык укук бузуулардын алдын алуу жана ага бөгөт коюу боюнча иштерди активдештирүү боюнча макулдашылган иш-аракеттерди

иштеп чыгат жана жүзөгө ашырат, коррупциялык көрүнүштөрдүн себебин табуу жана жоюу боюнча эксперттик топторду түзөт;

2) өзүнүн жыйналыштарында ар бир министрликтин, административдик ведомствонун, башка борбордук мамлекеттик органдардын, жергиликтүү өз алдынча башкаруунун айрым органдарынын системасындагы антикоррупциялык иш-чаралардын ишке ашырылуусунун жүрүшүн коомчулукка маалымдоо менен карайт;

3) тиешелүү мамлекеттик органдарда системалуу коррупцияны жана коррупциялык схемаларды демонтаждоо боюнча чаралардын комплексин иштеп чыгат жана Кыргыз Республикасынын Коргоо кеңешине киргизет.

## 2. Кыргыз Республикасынын Коргоо кеңешинин жумушчу тобунун курамы

6. Кыргыз Республикасынын Коргоо кеңешинин жумушчу тобунун персоналдык курамы Кыргыз Республикасынын Президенти тарабынан аныкталат.

7. Кыргыз Республикасынын Коргоо кеңешинин жумушчу тобун жетекчи жетектейт, анын орун басарлары болот.

8. Кыргыз Республикасынын Коргоо кеңешинин жумушчу тобунун мүчөлөрү болуп мамлекеттик органдардын өкүлдөрү, ошондой эле макулдашуу боюнча – көз карандысыз эксперттер эсептелет.

## 3. Кыргыз Республикасынын Коргоо кеңешинин жумушчу тобунун ыйгарым укуктары

9. Кыргыз Республикасынын Коргоо кеңешинин жумушчу тобу өзүнүн ыйгарым укуктарын жүргүзүү үчүн төмөнкүлөргө укуктуу:

1) мамлекеттик бийликтин, жергиликтүү өз алдынча башкаруунун органдарынан, башка мекемелерден жана менчигинин түрүнө карабастан уюмдардан иш үчүн зарыл болгон статистикалык жана башка маалыматтарды белгиленген тартипте суроого жана алууга;

2) мамлекеттик бийлик органдарынын жана алардын бөлүмдөрүнүн, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын, мамлекеттик үлүшү бар чарбакер субъекттердин бардык деңгээлдеги кызмат адамдарын чакырууга жана угууга;

3) Кыргыз Республикасынын Коргоо кеңешинин жумушчу тобунун жыйналышында кароо үчүн киргизилген маселелер боюнча материалдарды жана документтердин долбоорлорун даярдоо максатында укук коргоо органдарынын, мамлекеттик органдардын жана коомдук уюмдардын өкүлдөрүнөн эксперттик топторду түзүүгө;

4) текшерүү жүргүзүүнү укук коргоо жана фискалдык органдарга сунуш кылууга;

5) коррупцияны болтурбоо максатында жарандардын мыйзамдарда корголгон укуктарын жана эркиндиктерин, коомду жана мамлекеттик коргоо

боюнча иштиі координациялоонун милдеттеринен келип чыккан башка ыйгарым укуктарды жүргүзүүгө;

6) Кыргыз Республикасынын Президентине, Кыргыз Республикасынын Коргоо кеңешине жана анын катчылыгына коррупцияга каршы аракеттенүү боюнча иштин натыйжасынын аз болгондугу үчүн кызмат адамдарынын жоопкерчилиги жөнүндө сунуштарды киргизүүгө.

### 4. Кыргыз Республикасынын Коргоо кеңешинин жумушчу тобунун жетекчисинин жана мүчөлөрүнүн ыйгарым укуктары жана укуктары

10. Кыргыз Республикасынын Коргоо кеңешинин жумушчу тобунун жетекчиси:

1) Кыргыз Республикасынын Коргоо кеңешинин жумушчу тобунун жыйналыштарын чакырат жана Кыргыз Республикасынын Коргоо кеңешинин жумушчу тобунун жыйналыштарына төрагалык кылат. Зарыл болгон учурларда Кыргыз Республикасынын Коргоо кеңешинин жумушчу тобунун жыйналыштарында төрагалык кылууну өзүнүн орун басарларынын бирине тапшырат;

2) зарыл болгон маалыматтык материалдарды талап кылат;

3) Кыргыз Республикасынын Коргоо кеңешинин жумушчу тобунун тапшырмаларынын аткарылышын контролдойт;

4) Кыргыз Республикасынын Коргоо кеңешинин жыйналыштарында кароо үчүн тиешелүү сунуштарды киргизет.

11. Кыргыз Республикасынын Коргоо кеңешинин жумушчу тобунун мүчөлөрү төмөнкүлөргө укуктуу:

1) Кыргыз Республикасынын Коргоо кеңешинин жумушчу тобунун компетенциясына кирген маселелер боюнча сунушту, аларды кароонун зарылдыгын, чечүүнүн жолдорун жана ыкмаларын негиздөө менен киргизүүгө;

2) талкуулоону жана чечимди кабыл алууну талап кылган документтердин долбоорлорун, башка материалдарды макулдашылган тартипте киргизүүгө;

3) Кыргыз Республикасынын Коргоо кеңешинин жумушчу тобунун кароосуна киргизилген маселелер боюнча талкуугa жана чечимдерди иштеп чыгууга катышууга;

4) кабыл алынган биргелешкен чечимдердин жана аларды ишке ашыруу боюнча чаралардын натыйжалуулугун баалоо тууралуу сунуштарды киргизүүгө;

5) Кыргыз Республикасынын Коргоо кеңешинин жумушчу тобунун жыйналышын коррупцияга каршы аракеттенүүнүн актуалдуу маселелери боюнча өткөрүүнү демилге кылууга.

## 5. Кыргыз Республикасынын Коргоо кеңешинин жумушчу тобунун жыйналыштарын даярдоонун тартиби

12. Кыргыз Республикасынын Коргоо кеңешинин жумушчу тобунун жыйналыштарында кароо үчүн тиешелүү материалдарды даярдоо жүктөлгөн Кыргыз Республикасынын Коргоо кеңешинин жумушчу тобунун мүчөлөрү бекитилген планга ылайык ушул жыйналыштарды даярдоого катышат.

13. Кыргыз Республикасынын Коргоо кеңешинин жумушчу тобунун жыйналышында каралуучу маселелер боюнча документтердин долбоорлорун демилгечи же ушул максатта түзүлгөн топ даярдайт.

## 6. Кыргыз Республикасынын Коргоо кеңешинин жумушчу тобунун жыйналыштары

14. Кыргыз Республикасынын Коргоо кеңешинин жумушчу тобунун жыйналыштары зарылдыгына жараша, бирок айына кеминде бир жолу өткөрүлөт.

15. Кыргыз Республикасынын Коргоо кеңешинин жумушчу тобунун жыйналыштары жетекчи тарабынан же Кыргыз Республикасынын Коргоо кеңешинин жумушчу тобунун мүчөлөрүнүн кеминде жарымынын демилгеси боюнча чакырылат жана ага анын курамынын кеминде жарымы катышса мыйзамдуу болуп эсептелет.

16. Кыргыз Республикасынын Коргоо кеңешинин жумушчу тобунун жыйналышын өткөрүүнүн күнү, убактысы жана орду анын жетекчиси тарабынан белгиленет.

17. Кыргыз Республикасынын Коргоо кеңешинин жумушчу тобунун чечимдери жана сунуштары бардык курамдын жөнөкөй көпчүлүк добушу менен кабыл алынат. Добуш берүүдө добуштар тең болгон учурда Кыргыз Республикасынын Коргоо кеңешинин жумушчу тобунун жыйналышында төрагалык кылгандын добушу чечүүчү болуп эсептелет.

18. Кыргыз Республикасынын Коргоо кеңешинин жумушчу тобунун жыйналышына мамлекеттик органдардын, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын кызмат адамдары, жарандык коомдун, жалпыга маалымдоо каражаттарынын өкүлдөрү, ошондой эле эл аралык уюмдардын өкүлдөрү чакырылышы мүмкүн. Чакырылган адамдардын Кыргыз Республикасынын Коргоо кеңешинин жумушчу тобунун чечимдерин жана сунуштарын кабыл алуудагы добуш берүүгө катышууга укугу жок.

19. Кыргыз Республикасынын Коргоо кеңешинин жумушчу тобунун жыйналыштары протоколдор менен таризделет, аларга Кыргыз Республикасынын Коргоо кеңешинин жумушчу тобунун жетекчиси жана ар бир жыйналыштын башында аныкталуучу жыйналыштын катчысы кол коёт.